Педкеңешмеде каралды
“______” __________2023

“.---------“____________2023ж

БЕКИТЕМ
№71 мектеп-интернатынын
Директору Абдыкадыров Э.К.

# Насаатчылык жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

**1.1.** Бул жобо мугалимдердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу максатында насаатчылыкты өркүндөтүүгө багытталган. **Насаатчы** – бул предмет жана окутуу усулу жаатында мыкты кесипкөй, сабак берүүнүн жаңы технологияларын өздөшүргөн жана инсандык сапаттарга ээ болгон педагог.

1.2. Насаатчыга муктаж болгон мугалимдин макамы ар кандай болушу мүмкүн:
“Тажрыйбалуу мугалим – жаш мугалим”, “Көп эмес эмгек тажрыйбасы бар, бирок жаш компетенттүү - мугалим”, “Жаш компетенттүү-эмгек тажрыйбасы бар, бирок жаңыланууга муктаж ”.

1.3. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Мугалимдин макамы жөнүндө” мыйзамдарын, о.э. башка укуктук ченем актылардын негизинде иштелип чыккан.

## 2. Насаатчылыктын милдеттери жана максаттары

- педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү
- кадрлык көйгөйлөрдү чечүү
- мугалимдердин коомдук активдүүлүгүн түзүү, алардын мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жардамдашуу

## 3. Насаатчылыкты уюштуруу

3.1. Насаатчынын талапкерлиги мектептин усулдук бирикмелеринде көрсөтүлүп, мектеп директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары менен макулдашылып, мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

3.2.Насаатчылык иш катышуучулардын биргелешкен макулдугу менен ишке ашырылат

## 4.Насаатчынын укуктары жана милдеттери

**Насаатчынын укуктары:**

- жаш адистин документтерин, ишин анализдөө;
- жаш адистин кемчиликтерин жоюу жолдорун белгилөө;
- жаш адистин кесиптик ишмердигине тиешелүү муктаждыктарын аныктап билүү;
- жаш адистин макулдугу менен сабактарына катышуу;
- жаш адист менен иштөөнүн эффективтүү жыйынтыгын таркатуу максатында кеңешмеде сунуш берүү

**Насаатчынын милдеттери:**

- билим берүү процессинде көйгөйлөрдү чечүүдө жаш адистке жардамдашуу;
- жаш адистин педагогикалык жана методикалык даярдыгын эске алып, мугалим менен бирдикте кесиптик өсүш планын иштеп чыгуу;
- кесиптик ар-намысын жана кадыр баркын коргоо;

- насаатчылык иштер боюнча кайтарым байланышты уюштуруу;
- жаш адиске сабакты ж.б. иш-чараларды пландап өткөрүү жагына көмөктөшүү;
- тажрыйба алмашуу максатында сабактарга катышуу жана өзүнүн сабагына чакыруу;
- катышкан сабактарды анализдөө, сунуштарды берүү жана аларды аткаруу мөөнөтүн белгилөө;
- насаатчылык жаатында кесиптик чеберчиликти жогорулатуу;
- өзүндүн билиминди мажбурлайбай, жаш адистин ийгилигин жана идеяларын кабыл алуу жана колдоо;

## 5. Жаш адистин укуктары жана милдеттери

**Жаш адистин укуктары:**

- кесиптик ар-намысын жана кадыр баркын коргоо;
- өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча маалыматтар, документтер менен таанышууга, алар боюнча түшүндүмө берүү;
- насаатчылык иштерди өркүндөтүү боюнча өзүнүн идеяларын сунуштоо;
- биргелешип иштөөдөн натыйжа чыкпаса, насаатчыдан баш тартуу;
- өзүнүн кесипчилик чеберчилигин жогорулатууга ыңгайлуу ыкма менен жетүү;

**Жаш адистин милдеттери:**

- өзүнүн кесипчилик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө үзгүлтүксүз иштөө;
- кесипчилик чеберчилигинин өнүгүү планын көрсөтүлгөн убакта аткаруу;
- насаатчынын иш тажрыйбасын үйрөнүүгө, насаатчы менен мамилесин туура түзүү;
- метод бирикменин жетекчисине, насаатчыга убактысы менен отчет берүү;

## 6. Насаатчылыкты колдоо

6.1. Мекеме жетекчилиги насаатчыга моралдык жана материалдык колдоо көрсөтүү;

6.2. Насаатчылык боюнча алдыңкы тажрыйба таркатылууга жана жарыялануууга;

6.3. Насаатчылык иштердин эффективдүүлүгүн баалоонун индикатору болуп мугалимдин насаатчылык иштери боюнча максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу болуп саналат. Ал жылына эки жолу жүргүзүлөт.

6.4. Ишмердүүлүктүн жыйынтыгы боюнча насаатчы моралдык жана материалдык түрдө сыйланышы мүмкүн.

6.5. Админитрация насаатчынын жана жаш адистин ресурстук муктаждыктарын камсыз кылууга мүмкүнчүлүк табуу;

## 7. Насаатчылыкты жөнгө салуучу документтер

7.1. Насаатчылык жөнүндө жобо;

7.2. Насаатчыны дайындоо жөнүндө мектеп директорунун буйругу;

7.3. Методикалык бирикменин отурумунун насаатчылардын кандидатурасы жөнүндө чечими;

7.4. Методикалык сунуштар, насаатчылыкты алып баруу боюнча алдыңкы тажрыйба;